КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ

НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

9-июнь 2023-ж. № 08 Бишкек ш.

**Терапиялык профилдеги клиникалык медицина жана алдын алуучу медицина боюнча эксперттик кеңешти бекитүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКынын 2021-жылдын 18-ноябрындагы № 16 буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ № 377 Жарлыгы менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө» жобону, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ № 12 Жарлыгы менен бекитилген Эксперттик кеңеш жөнүндө жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын 2023-жылдын 24-майындагы № 16-Л буйругунун негизинде, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын президиумунун 2023-жылдын 1-июнундагы № 250 токтомунун (№ 5э/к-4/12 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

Терапиялык профилдеги клиникалык медицина жана алдын алуучу медицина боюнча эксперттик кеңештин курамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКынын 2021-жылдын 18-ноябрындагы № 16 буйругуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1. Терапиялык профилдеги клиникалык медицина жана алдын алуучу медицина боюнча эксперттик кеңештин адистиктеринин тизмесине төмөндөгү адистиктер киргизилсин:

а) илимдердин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча:

1) 03.03.01 – физиология (медицина жана биология илимдери боюнча),
2) 14.03.01 – адам анатомиясы (медицина илимдери боюнча),
3) 14.03.03 – патологиялык физиология (медицина жана биология илимдери боюнча),
4) 14.03.06 – фармакология, клиникалык фармакология (медицина илимдери боюнча).

б) илимдердин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо боюнча:

5) 03.03.04 – клеткалык биология, цитология, гистология (медицина илимдери боюнча),
6) 14.03.02 – патологиялык анатомия (медицина илимдери боюнча),
7) 14.03.11 – калыбына келтирүү медицинасы, спорттук медицина, дарылоо дене тарбиясы, курортология жана физиотерапия (медицина илимдери боюнча),

8) 14.04.01 – дары өндүрүү технологиясы (фармацевтика илимдери боюнча),

9) 14.04.03 – фармацевтикалык ишти уюштуруу (фармацевтика илимдери боюнча).

2. Терапиялык профилдеги клиникалык медицина жана алдын алуучу медицина боюнча эксперттик кеңештин курамына төмөнкү адистер киргизилсин:

- И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын фундаменталдык жана клиникалык физиология кафедрасынын башчысы м.и.д., проф. Кононец Ирина Евгеньевна 03.03.01 – физиология (авторефераты боюнча), 14.03.03 – патологиялык физиология (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча медицина жана биология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденүүгө жазылган диссертацияларды карооо укугу менен;

- И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын Тармактар аралык биомедициналык окуу-илимий борборунун директору м.и.д., доц. Кундашев Улан Кельгинович 14.03.06 – фармакология, клиникалык фармакология (авторефераты боюнча) адистиги боюнча медицина илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын, 14.04.01 – дары өндүрүү технологиясы (эмгектеринин жыйындысы боюнча), 14.04.03 – фармацевтикалык ишти уюштуруу (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүгө жазылган диссертацияларды кароо укугу менен;

- м.и.д., проф. Н. Н. Заречнова 14.03.01 – адам анатомиясы (авторефераты боюнча) адистиги боюнча медицина илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын, 14.03.02 – патологиялык анатомия (авторефераты боюнча), 03.03.04 – клеткалык биология, цитология, гистология (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүгө жазылган диссертацияларды кароо укугу менен.

3. 14.03.11 – калыбына келтирүү медицинасы, спорттук медицина, дарылоо дене тарбиясы, курортология жана физиотерапия адистиги боюнча медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды тышкы эксперттик корутундунун негизинде каралсын.

**Төрага** **Б. К. Тыналиева**